№3 билет

**Кыргыз тили жана адабияты (кыргыз класс). 1-күн.**

1. **Ырды көркөм окугула.**
2. **Ырдын темасын жана көркөм идеясын аныктагыла.**
3. **Ырдын формасына жана мазмунуна талдоо жүргүзгүлө.**

**Эскертүү: Автордун орфографиясы, пунктуациясы жана стилистикасы сакталды.**

***
Булактан барып суу алсам,
Эстеймин күткөн кезиңди.
Санааңа бизди ала жүр,
Сагынып жүрөм өзүңдү.

Жоргоңдө чидер күмүштөн,
Жол алба аны суутпай.
Жолугаар кезди эстей жүр,
Жол карап жүрөм унутпай.

Алчалуу бактын шагына,
Ай сайын булбул түнөсүн.
Артыкча туулган кымбатым,
Алыстап кайда жүрөсүң?

Гүлдөгөн жийде шагына,
Күн сайын булбул түнөсүн.
Кыялы жакшы кымбатым,
Көрүнбөй кайда жүрөсүң?

**(Роза Карагулова)**